**Кыргыз Республикасы**
**ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ**
**БИШКЕК ШААРЫНЫН ЛЕНИН РАЙОНДУК ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ**
720010, Бишкек шаары, Москва көчөсү 203

**Кыргызская Республика**
**МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ**
**УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ ЛЕНИНСКОГО РАЙОНА ГОРОДА БИШКЕК**
720010, г.Бишкек, ул. Московская 203

19/6 № 262 «10».01.2021 года

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясына

07.01.2021-жылы Бишкек шаарынын Ленин РИИБне Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Ыкчам чара көрүү боюнча координациялык тобунан төмөндөгүдөй маалымат келип түшкөн. 07.01.2021-жылы “Кактус-Медиа” интернет-басылмасынын барактарында “Бул коомдук канал эмес” деген аталыштагы маалымат жарыяланган. Аталган маалыматта Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапткерлер А.Мадумаров, К.Исаев, К.Асанов, Э.Абакиров жана А.Касеновдордун катышуусунда болуп өткөн дебаттагы КТРКнын алып баруучуларынын берген суроолору боюнча социалдык тармактагылардын реакциясы тууралуу көрсөтүлгөн.

Аталган дебат учурунда Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапткер К.Исаев КТРКнын алып баруучуларынын суроолоруна: “Коомдук канал дагы да болсо бийликтин таасиринде калууда”,- деп, баа берген.

К.Исаевдин позициясы менен социалдык тармактардын колдонуучуларынын көпчүлүк бөлүгү макул болуу менен, КТРКнын алып баруучулары эфирди кесипкөйсүздүү жана бир жактуу алып барышканыдыктарын билдиришкен.

Жогорудагы маалымат боюнча топтолгон материалдар Бишкек шаарынын Ленин РИИБнин МККЖга № 02-001-2021-000549 менен 08.01.2021-жылы 00:16 саатта катталып, Бишкек шаарынын Ленин РИИБнин Жоруктар жөнүндө иштер бөлүмчөсүнүн ыйгарым укуктуу өкүлү, милициянын кенже лейтенанты Б.Байышов тарабынан алдын-ала текшерүү амалдары жүргүзүлдү.

Текшерүү менен Коомдук телерадиоберүү корпорациясына сурамжылоо кат жиберилип, аталган теледебаттагы КТРКнын алып баруучуларынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу нускамаларында көрсөтүлгөн талаптар, шарттар жана эрежелер тууралуу маалымат суралган. Тактап айтканда, теледебаттын тартиби тууралуу жана Кыргыз Республикасынын Президентинин талапкерлерине болгон суроолор тууралуу (суроолорду кайсы кызматкер даярдайт, кайсы булактардан алынат, жетекчилик тараптан бекитилеби, же

болбосо түз эфирде алып баруучу жагдайга жараша суроо берүүгө мүмкүнбү, ж.б.у.с.) маалымат берүү суралган.

Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын башкы директорунун орун басары Ж.Уракунова өзүнүн маалыматында, Кыргыз Республикасынын Президентинин талапкерлерине болгон суроолор, социалдык тармактардан алынгандыгын жана бул практика башка телеканалдарда дагы жана ошондой эле КТРКда дагы колдонуларын билдирген.

Алдын-ала текшерүүнүн жыйынтыгы менен, Бишкек шаарынын Ленин РИИБнин Жоруктар жөнүндө иштер бөлүмчөсүнүн ыйгарым укуктуу өкүлү, милициянын кенже лейтенанты Б.Байышов тарабынан топтолгон материалдар № НД-001-2021-000272 менен 08.01.2021-ж. 20:09 саатта номенклатуралык ишке эсептен чыгарылды

Башчынын орун басарынын милдетин аткаруучу
милициянын майору Молдогазиев Т.А.

Атк.: Б.Байышов
Тел.: 0 708 61 41 23